25

«БЕКИТЕМИН»
К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин илимий иштер, эл аралалык байланыш жана мамлекеттик тил боюнча проректору ф. и. д., профессор Мурзахметова Г. М.
_______________________
10-февраль 2021-жыл, Бишкек шаары

**Алыкулова Гүлбү Корошовнанын** 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **«Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)»** аттуу диссертациясын ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон К.Карасаев атындагы Бишкек мамекеттик университетинин **«Эл аралык байланыштар»** кафедрасынын

## КОРУТУНДУ - ПИКИРИ

И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д.07.20.624 диссертациялык кеңештин 2021 - жылдын 22–январында болгон отурумунда **Алыкулова Гүлбү Корошовнанын «Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)»** аттуу диссертациясын ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме катары К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Эл аралык байланыштар» кафедрасы бекитилген.

2021-жылдын 10-февралда Алыкулова Гүлбү Корошовнанын аталган диссертациясынын кол жазмасы Бишкек мамлекеттик университетинин **«Эл аралык байланыштар»** кафедрасынын адис-окумуштуулары тарабынан талкууланып төмөндөгүдөй жыйынтыктарга келди:

Докум. каттар № 04-8/18. 15.02.2021 г.
Д 07.20.624 диссер. кең. ОК Абдыраева А.

## 1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу жана анын жалпы мамлекеттик программалар менен байланышы.

XX кылымдын 90-жылдары Кыргызстан эгемен мамлекет катары өз өнүгүүсүндө аймактык, постсоветтик жана ошондой эле дүйнөлүк мейкиндикке интеграциялашууга багыт алган. Андан бери мурдагы советтик республикалардагы интеграциялык демилгелерди колдоо жана аларга активдүү катышуу менен өзү дагы коомдук өнүгүштүн ар кандай сегменттери, анын ичинде билим берүү боюнча долбоорлорун сунуштап келе жатат.

Кыргызстандын бул тармакта интеграцияга багыт алуусу ириде коомдук жашоонун бардык чөйрөсүндө маанилүү реформалардын зарылдыгын жана аны практика жүзүндө ишке ашырууну талап кылган. Анткени жаңыдан эгемендикке ээ болгон өлкөдө коомдун туруктуулугун жана элдин турмуш-тиричилигин көтөрүү үчүн бир канча татаал социалдык – экономикалык стратегиялык милдеттерди чечүү зарыл болгон. Ушундай реалдуу шартта социалдык реформалардын бөлүгү катары Кыргызстан билим берүү системасын модернизациялоо боюнча улуттук мыйзамдарды жана программаларды кабыл ала баштаган.

Азыркы коомдук өнүгүштө, анын ичинде билим берүү системасындагы пайда болгон татаал проблемалар өлкөлөрдүн бири – бири менен болгон алакаларын, кызматташтыгын күчөтүү менен биргелешип чечүүнү талап кылат.

Азыркы мезгилдеги ааламдашуу процесси койгон талаптарды, жаңы технологияларды ийгиликтүү ишке ашырууда ишенимдүү өнөктөштөр менен гана чечүү мүмкүн экендиги белгилүү. Бул тарызден алганда Кыргызстан менен Россиянын жогорку билим берүү жаатындагы өз ара карым-катнашы кызматташтыгынын тарыхы кенен жана тажрыйбасы мол.

Кыргыз Республикасынын президенти С.Н. Жапаров: "Кыргыз Республикасы мурдагыдай эле Россия Федерациясы менен стратегиялык өнөктөштүктү жана союздук мамилелерди чыңдоого жана кеңейтүүгө чоң

маани берет. Мурдагыдай эле, Россия биздин өлкөнүн ишенимдүү стратегиялык өнөктөшү болуп келген жана ал боюнча кала берет" деп баса белгилеген. Мындай өнөктөштүк ЖОЖдор арасындагы кызматташтыкты мындан ары да активдештирет. Ошондуктан, диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу далилдүү жана негиздүү.

**2. Диссертацияга коюлган талаптардын чектериндеги иштин илимий жыйынтыктары.**

Каралып жаткан диссертациялык иште бир катар жаңы, илимий-практикалык, тарыхнаамалык жыйынтыктарга жетишилген. Ал кыргыз тарыхнаамасына белгилүү деңгээлде салым кошуп, кыргыз тарых илиминин өнүгүшүнө да алгылыктуу таасир тийгизе алат. Алар төмөнкүлөр:

***1-жыйынтык***. Талапкер изилдөөгө алынган тема боюнча тарыхый эмгектердин, мыйзамдык булактардын жана архивдик материалдардын негизинде актуалдуулугун, илимий маанисин белгилөө менен анын жаңычылдыгын ачып бере алган. Автор изилдөө объектиси катары Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы, интеграцияланышы каралган. Илимий изилдөөгө автордун жаңычылдыгы, жеке салымы так белгиленип, коргоого коюлган милдеттер менен максаттар конкреттүү аныкталган *(Киришүү)*

***2-жыйынтык***. Изилдөөнүн максатына ылайык диссертант илимий адабияттарды анализдөөдө, талдоодо бири менен бири тыгыз байланышта болгон эки багытты карманган.

Биринчиден, Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара байланыштар маселесине арналган илимий изилдөөлөрдү талдоо болсо, экинчи жактан бул өз ара байланыштардын жыйынтыктары катары Кыргызстандын жана Россиянын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн дүйнөлүк билим мейкиндигине интеграция болуу далалатына арналган илимий адабияттарга да көңүл бурган.

*(I бап. 1.1.- параграфы).*

***3-жыйынтык.*** Диссертант каралып жаткан теманы изилдөөгө алган проблемасы жана камтыган тарыхый хронологиясы боюнча Россиялык окумуштуулардын эмгектерин тарыхнаамалык талдоого алып изилдөөнүн илимий, тарыхый принциптерин туура пайдаланган. *(I бап. 1.2.- параграфы).*

***4-жыйынтык.*** Диссертант каралып жаткан теманы изилдөөдө колдонулган илимий иштин булактык базасы кеңири жана көп түрдүү экендиги баса белгилеп, ал булактар өзүнүн предметтик мазмуну жана формасы боюнча мамлекеттик деңгээлдеги бир канча чечимдер, мыйзамдар, улуттук программалар, концепциялар, ошондой эле эки өлкөнүн ортосунда жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү интеграция маселелерине арналган бир канча эл аралык келишимдер, макулдашуулар, жогорку окуу жайлардын архивдик жана басма сөз каражаттарынын материалдары булак катары колдонулган.

Мындай булактык базаны илимий айлампага киргизүүдө автор тарабынан колдонулган методологиялык принциптер, изилдөө ыкмалары туура пайдаланылган. *(II бап).*

***5-жыйынтык.*** Изденүүчү 1991-2011-жылдардын аралыгындагы Кыргызстан менен Россиянын инженердик –техникалык жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы жана алардын интеграцияланышын талдоого алып, статистикалык, архивдик жана адабияттардын негизинде ачып берген. *(III баптын **3**.1. – параграфы).*

***6-жыйынтык.*** Билим берүү тармагындагы жүргүзүлгөн реформалар жана Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын социалдык-гуманитардык жогорку окуу жайларынын ортосундагы байланыштары Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларынын өлкөнүн саясый – экономикалык жаңы система шартында жогорку билимди өнүктүрүүсүнө жана сапатын жогорулатуусуна түздөн-түз көмөк бергендиги ж.б. маселелер жазылган. *(3.2-- параграфы).*

***7-жыйынтык.*** Автор изилдөөдө Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын интеграциялануусунун жетишкендигинин

көрсөткүчү катары Кыргыз –Орус Славян университетинин ишмердигин анын тарыхын кеңири булактык базага таянып чагылдырган. *(IV баптын 4.1. - параграфы).*

***8-жыйынтык*** Эки мамлекеттин жогорку окуу жайлар алкагындагы кызматташтыгын изилдөөдө жогоруда көрсөтүлгөн ийгиликтер, жетишкендиктер менен катар жогорку билим берүү системасынын кызматташтыгында, интеграциясында орун алган айрым проблемаларды да белгилеген. Ошону менен бирге бул кызматташтыктын келечектүүлүгүн тарыхый зарылдыгын конкреттүү аргументтер менен белгилеген.*(4.2 - параграфы)*

## 3. Диссертациядагы ар бир жыйынтыктын жана корутундунун (илимий жоболордун) негиздүүлүгүнүн жана ынанымдуулугунун деңгээли.

Талапкер автордук пикирлерин жана өз иликтөөсүнүн ар бир жаңы жыйынтыктары менен корутундуларын жетишээрлик деңгээлде негиздүү жана ынанымдуу далилдей алган. Илимий изилдөөдөгү ар түрдүү тарыхый булактарга жана материалдарга таянып жасалган корутундулар кыргыз тарых илиминде олуттуу мааниге ээ. Диссертациянын негизги жоболору менен тыянактары мыйзамдык булактарды, архивдик жана статистикалык документтерди, көптөгөн авторлордун эмгектерин, мезгилдүү басма сөз каражаттарын, интернет булактарын жана автор тарабынан чогултулган фактылык материалдарды колдонуунун негизинде түзгөн. Илимий айлампага алгачкы жолу киргизилген булактар менен материалдар жана изилдөөдө колдонулган ыкмалар диссертациялык иштин максатын жана милдеттерин ишке ашырууда алгылыктуу жыйынтыктарды бергендиги шексиз. Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгына сарэсеп салып изилдөөнүн натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарган: Ал жыйынтыктар төмөнкүлөр:

***1-жыйынтык.*** XX кылымдын 90-жылдардын башында эле Кыргызстандын жана Россиянын жогорку билим берүү тармагында базар экономикасына ылайык реформалар тарыхый бир мезгилде ишке ашырыла баштаган.

***2 - жыйынтык.*** Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын эл аралык интеграциялык процесске өтүүсүндө Россия Федерациясынын ролу чоң. Анткени жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы кеңеш мезгилинде эле ар тараптуу кызматташтыкта калыптанган. Эгемендик алгандан кийин да эки өлкөнүн жогорку окуу жайлары ортосундагы өз ара алакалар жаңы багыттарда жана мазмунда улантылган.

***3 - жыйынтык.*** Эки мамлекеттин жогорку билим берүү чөйрөсүнүн интеграциялык процесси Болон системасына өтүшүнө таасир берген. Себеби, автор иликтөөгө алган мезгилде эки өлкө тең Болон системасынын принциптерин кабыл алышкан. Бирдиктүү жалпы европалык билим берүү мейкиндигин түзүүгө багытталган бул системанын принциптери бүтрүүчүлөрдүн кесипке ээ болгон соң Европанын бардык өлкөлөрүндө үзүрлүү иштей алышмак. Натыйжада, Кыргызстандын жана Россия Федерациясынын бир топ жогорку окуу жайларынын окуу-методикалык процесстери Болон системасына ылайыкташа баштаган.

***4 - жыйынтык.*** 1991-2011-жылдар аралыгындагы Кыргызстандын жогорку окуу жайларынын Россия Федерациясынын жогорку окуу жайлары ортосундагы байланыштарын изилдөө эки өлкөнүн бирдиктүү эл аралык билим берүү мейкиндигине кошулуусунда мындай кызматташтыктардын абдан маанилүү экендигин тастыктаган. Мындай байланыштар Кыргызстандын жогорку билим берүү чөйрөсүнүн сапаттык жактан жакшыруусуна жана жогорулоосуна да баа жеткис салымын кошкон.

***5 - жыйынтык.*** Өз ара алакада бир жактуулук бар. Негизинен Россия Федерациясынын жогорку окуу жайларынын активдүүлүгү жана ресурстук колдоосу Кыргызстандын жогорку окуу жайлары үчүн басымдуулук кылат. Кыргызстандан Россияга барып окуп жаткандар, окууну каалгандар өтө көп, ал эми Россиядан Кыргызстанга келип окугусу келгендер алда канча аз.

Окутуучулардын стажировкаларын уюштуруу боюнча да кыргызстандыктар Россияга көп барышат. Ал эми мындай максат менен Россиядан Кыргызстанга келгендер КОСУдан башка ЖОЖдордо өтө аз кездешет.

***6-жыйынтык.*** Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайлары ортосундагы кызматташтыктын перспективасы чоң. Бул айрыкча Кыргыз Республикасы үчүн стратегиялык мааниге ээ экендигин ачык айтылган.

***7-жыйынтык.*** Кыргыз Республикасы менен Россия Федерациясынын кызматташтыгында 2020-жыл кайчылаш жылы деп жарыяланышы өлкөлөрдүн мындан аркы саясий, маданий, гуманитардык чөйрөлөрдө, анын ичинде ЖОЖдордун кызматташтыгында эки тараптуу мамилелерди бекемдөөгө жаңы динамикага ээ болот.

## 4. Диссертациялык иште алынган илимий жыйынтыктардын ички биримдигин баалоо.

Изилденген теманын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык дэңгээли жогоруда айтылган эксперттик корутундунун беренелеринде кыйыр чагылдырылган. Ошол эле учурда өзгөчө жаңычылдык катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

***1-жыйынтык.*** илимий иштин негизги жаңычылдыгы бул тема диссертациялык деңгээлде мурун комплекстүү изилденген эмес.

***2-жыйынтык.*** Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы жана алардын интеграцияланышы алгачкы жолу илимий негизде комплекстүү түрдө изилдөөгө алынган. Мурда жарыяланбаган көптөгөн архивдик, статистикалык жана басма сөз беттерине жарык көргөн материалдар илимий айлампага киргизилип жана ошондой эле орус окумуштууларынын эмгектеринин тарыхнаамалык таризде илимий нукта талдоого алынгандыгы ири жаңычылдык болуп саналат.

Алынган жыйынтыктар өз ара байланыштуу, практикалык сунуштар теориялык жоболордун негизинде туура түзүлгөн. Алар эмгектин ички биримдик бүтүмдүгүн түзүп турат.

## 5. Диссертациянын жыйынтыктарынын жана корутундусунун автордун тема боюнча жарыялаган эмгектеринде тастыкталышы.

Диссертациялык иштин мазмуну талапкердин төмөнкү жарыяланган эмгектеринде чагылдырылган.

1. *Алыкулова, Г. К.* Становление и развитие высшей школы в Кыргызстане. [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Социальные и гуманитарные науки №1-2. – 2010. - Бишкек. – С.19- 23.
2. *Алыкулова, Г. К.* Кыргызско-Российские связи в сфере высшего образовагия [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Экология и жизнь : сборник статей XXII Международной научно – практической конференции. – 2012. - Пенза. – С.117-120
3. *Алыкулова, Г. К.* Из истории становления кыргызско-российских связей в сфере высшего образования[Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Вестник” КГУ имени И. Арабаева. №3. – 2012. - Бишкек. – С.84-87.
4. *Алыкулова, Г. К.* “Международное сотрудничество в современном образовательном пространстве” [Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Вестник” КНУ имени Ж.Баласагына. – Выпуск 1. 2013. - Бишкек. – С.108 – 112.
5. *Алыкулова, Г. К.* Рынок шартында жогорку окуу жайларды реформалоо [Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Актуальные проблемы социально – экономического и правового образования”: Посвящ. году укрепления кыргызской государственности. – 2015. - Бишкек.- С.35-37.
6. *Алыкулова, Г. К.* Кыргызстандын өткөөл мезгилдеги билим берүү жаатындагы мамлекеттин саясаты [Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Актуальные проблемы социально – экономического и правового образования”: Посвящ. году укрепления кыргызской государственности. – 2015. - Бишкек.- С.29-35
7. *Алыкулова, Г. К.* Кыргыз Республикасы менен Россия: жогорку билим берүү чөйрөсүндөгү кызматташтык [Текст] / Г.К. Алыкулова. // “Казак тарихи” №8 (139). - 2015. - Алмата. – С.31 – 33
8. *Алыкулова, Г. К.* Кыргызстан – Россия: сотрудничество в сфере образования [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. №7. – 2018. - Бишкек. – С.192-196.
9. *Алыкулова, Г. К.* Образовательные связи Кыргызстана и России [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. №7. – 2018. - Бишкек. – С.185-189.
10. *Алыкулова, Г. К.* Кыргызстан – Россия: жогорку окуу жайлар алкагындагы байланыштары (1991-2011-жж.) [Текст] / Г.К. Алыкулова. – Бишкек: 2018. – 166 с.

11. *Алыкулова, Г. К.* Академическая мобильность – одно из направлений международной интеграции образования [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. №8. – 2018. – Бишкек. – С.125-129.
12. *Алыкулова, Г. К.* Октябрская революция и образование в Кыргызстане [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Наука новые технологии и иновации Кыргызстана. №8. – 2018. – Бишкек. – С.121-125.
13. *Алыкулова, Г.К.* Углубление сотрудничества – основное направление развития образовательной интеграции в условиях глобализации [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Актуальные вопросы образования и науки. Научный журнал, №1 (67). – 2019. – Архангельск. - С.80-85.
14. *Алыкулова, Г. К.* Международные образовательные связи Кыргызстана [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Актуальные вопросы образования и науки. Научный журнал, №1 (67). – 2019. – Архангельск. - С.76-80.
15. *Курбанова, Н. У.* Образовательная политика Кыргызстана начала XX века и ее реализация [Текст] / Н.У. Курбанова, Г.К. Алыкулова. // Известия ВУЗов Кыргызстана. №. 9. - 2019. – Бишкек. – С.80-83..
16. *Алыкулова, Г. К.* Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын байланышы – мамлекеттердин кызматташтыгын бекемдейт [Текст] / Г.К. Алыкулова. // Известия ВУЗов Кыргызстана. №.11. - 2019. – Бишкек. – С.116-121.

## 6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү.

Авторефераттын жана диссертациянын мазмуну бири-бирине толук дал келет. Диссертациянын максаты жана милдеттерине авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар толук жооп берет. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилинде идентивдүү резюмелер менен жабдылган.

## 7. Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар.

Диссертациялык изилдөөнүн темасы актуалдуу жана бүгүнкү күндүн талабына жооп берээри шексиз. Ошол эле убакта изилдөөдө байкалган мүчүлүштүктөргө диссертанттын көңүлүн бургубуз келет.

1. Өлкөлөрдүн жогорку окуу жайлар арасындагы илимий байланыштардын кызматташтыктарына кененирээк токтолсо болмок.

2. Диссертациялык изилдөөнүн хронологиялык алкагынын аныкталышын негиздөө.
3. Библиографияда ГОСТун талаптарын сактоо сунушталат.
4. Диссертациялык иште бир катар техникалык мүчүлүштүктөргө жол берилген. Мисалы, диссертациялык иште сегиз тапшырма, ал эми авторефератта жети тапшырма болуп калган. Аларды ирээтке келтирүү сунушталат.

Бирок жогоруда белгиленген кемчиликтер, диссертациянын маани-маңызына, анын илимий баалуулугуна эч таасирин тийгизбейт. Диссертациялык иш жогорку илимий деңгээлде, маалыматтарга бай, жаңы көз караш менен тийешелүү талаптарга ылайктуу жазылган изилдөө.

## 8. Кыргыз Республикасынын окумуштуулук даража ыйгаруу жөнүндө Жобосундагы талаптарга диссертациянын жооп бериши

К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин «Эл аралык байланыштар» кафедрасынын мүчөлөрү изденүүчү **Алыкулова Гүлбү Корошовнанын«Кыргызстан менен Россиянын жогорку окуу жайларынын кызматташтыгы (1991-2011-жж.)»** – деген аталыштагы диссертациясынын мазмуну, объектиси менен предмети, түзүмү, илимий деңгээли, жасалгаланышы Кыргыз Улуттук Аттестациялык Комиссиянын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына толук жооп берет жана изденүүчү **Алыкулова Гүлбү Корошовнага** 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин **«Эл аралык байланыштар»** кафедрасы тарабынан 2021-жылдын 10-февралында өткөн атайын отурумунда талкууланган (протокол №7).

33

**Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси: Т.М. Рыскулов** – кафедра башчысы, т.и.к., доцент, ; Д.Б. Сапаралиев - т.и.к., профессордун м. а,; Р.С. Бейсебаев – т.и.д., доцент; Т.О. Бейшеналиев – т.и.к., доцент; С. У. Дюшенбиев доцент; А.И. Алибекова - ага окутуучу,; С.К. Кулжанова - ага окутуучу,; У.З. Мамбеталиев - ага окутуучу,; Э.Т. Саякбаева - ага окутуучу,; С.Ш. Матаева - ага окутуучу,; Г.З. Эмилбекова – катчы.

**К.Карасаев атындагы БМУнун**
**Эл аралык байланыштар**
**кафедрасынын башчысы т.и.к., доцент** **Т.М. Рыскулов**

**Катчы** **Г.З. Эмилбекова**

КАДРПАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КОЛУН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШЧЫСЫ
ЗАВЕДУЮЩИЙ ОТДЕЛА КАДРОВ
«10» 02 2021 ж.